№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби

# №10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин апелляциялык комиссиясынын ЖОБОСУ

Таш-Көмүр шаары
Шамалды-Сай шаарчасы
2022-жыл

Бекитемин
Директор Джанышбаева Ч.Т.
“ 01 ” 09 2022-жыл

Таш-Көмүр шаарына караштуу №10 А.Осмонов атындагы
жалпы билим берүүчү орто мектебинин апелляциялык комиссиясынын
ЖОБОСУ

## 1. Жалпы ЖОБО

1.1. Учурдагы жобо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамынын негизинде түзүлдү.

1.2. Бул жобо апелляциялык комиссиянын иштөө тартибин, анын укуктарын, калыптануу тартибин жана тизмесин аныктайт.

1.3. Апелляциялык комиссия окуучу же анын ата-энеси тарабынан берилген арызын (окуучунун алган баасына нараазычылыгы) карашат.

## 2. Комиссиянын функциясынын укуктары.

2.1. Комиссия окуу процессинин жүрүшүндө, экзамендер болуп жаткан учурда өз иштерин аткарышат.

2.2. Комиссия мүчөлөрү төмөнкү иштерди аткарышат:

- Окуучуларга коюлган баага нараазычылыгына байланыштуу арыздарын кабыл алышат жана карашат.
- Окуучуга коюлган бааны мамлекеттик стандартка, нормага, кабыл алынган талаптарга ылайык келүүсүн аныктайт жана карашат.
- Каралган арыздын натыйжасында чечим кабыл алышат.
- Арыз берген окуучуга же алардын ата-энесине алар тарабынан берилген арызы боюнча маалымат берет.

## 3. Комиссиянын мүчөлөрү жана структурасы

3.1. Комиссиянын мүчөлөрү директордун буйругу менен бекитилет. Апелляциялык комиссия педагогикалык коллективден тандалып алынган компетенттүү жана абройу жогору 3төн (үчтөн) кем эмес адам болуусу зарыл.

3.2. Жобого ылайык комиссиянын төрагасы комиссия ишине жооп берет, ошол эле учурда апелляцияны ачык - айкын карашат.

## 4. Апелляцияны кароо тартиби

4.1. Эгерде окуучу алган баасына нараазы болсо, анда ал жазма түрүндө апелляциялык комиссияга арыз жазууга укуктуу. Ал арызда өзүнүн ишинин сапатын жана баасын төмөндөткөн текшерүүчүлөрдүн катасын конкреттүү түрдө белгилеп өтүүсү зарыл.

4.2. Комиссия мүчөлөрү арызды карап жаткан учурда окуучу ошол жерде катышууга укуктуу.

4.3. Арыз жазган окуучуга алган баасына нараазы болуп жаткан иши кабыл алынган стандартка, нормага жана талаптарга ылайык текшерилгенин жана бааланганын билүүсүнө мүмкүндүк берилүүсү керек.

4.4. Арызды кароо арыз келип түшкөндөн кийин, дароо кийинки күнү тынч жана ынтымактуу жагдайда өтүүсү зарыл.

4.5. Жазма иштери боюнча кабыл алынган арыздар төмөнкүдөй тартипте өткөрүлөт: окуучулар апелляциялык комиссиянын катышуусунда жазма иштери менен таанышууга укуктуу. Өз иштери менен таанышуу учурунда, жазма ишти көчүрүп алууга же оңдоп коюуга катуу тыюу салынат.

4.6. Ал эми оозеки жооп берүүдөгү арыз, окуучуда ар кандай окуу куралсыз, алдоо баракчаларсыз тынч жагдайда өткөрүлөт.

4.7. Текшерүү жана баалоо боюнча суроолорду окуучулар апелляциялык комиссия менен баарлашуу учурунда аныкташат.

4.8. Апелляциялык комиссия аягында, бааны өзгөртүү же биринчи коюлган бааны калтыруу боюнча чечим чыгарышат.

## 5. Апелляциялык комиссиянын документтери

5.1. Комиссиянын иши комиссиянын төрагасы жана комиссия мүчөлөрү кол койгон протокол менен жүргүзүлөт.

5.2. Протоколдор китепчеси бооланган жана сандары жазылган болуп, ар бир өткөрүлгөн кеңешме номуру менен китепчеге жазылат.

5.3. Протоколдор мектеп иштеринин номенклатурасына ылайык сакталат жана окуучулар тарабынан алынган арыздарга чечим чыгарууда колдонулат.

5.4. Апелляциялык комиссиянын чыгарган чечими жөнүндөгү түзгөн протоколу окуучуга же анын ата-энесине көрсөтүлүшү мүмкүн.